**“Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясынын 2020-жылдын 20-январындагы №4 токтому менен бекитилген “Шайлоо округдарынын жана шайлоо участкаларынын схемаларын жана чек араларын башкаруунун тартиби жөнүндө” Жобосуна өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясынын токтомуна**

## МААЛЫМКАТ-НЕГИЗДЕМЕ

Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясынын (мындан ары - БШК) ушул токтомунун долбоорунун максаты аны «Жергиликтүү кеңештердин депутаттарын шайлоо жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамына өзгөртүүлөрдү киргизүү тууралуу” Кыргыз Республикасынын 2024-жылдын 2-августундагы № 158 Мыйзамына ылайык келтирүү болуп саналат.

“Жергиликтүү кеңештердин депутаттарын шайлоо жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамына өзгөртүүлөрдү киргизүү тууралуу” Кыргыз Республикасынын 2024-жылдын 2-августундагы № 158 Мыйзамына ылайык көп мандаттуу шайлоо округдары боюнча жергиликтүү кеңештин депутаттарын шайлоо калкты каттоо, жер ресурстарын башкаруу чөйрөсүндөгү ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдар, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары тарабынан шайлоо күнү дайындалгандан кийин 3 календардык күндөн кечиктирбестен берилген маалыматтардын негизинде түзүлгөн шайлоо округдарында өткөрүлөрү каралган тийиштүү толуктоолор киргизилди.

Көп мандаттуу шайлоо округдары боюнча жергиликтүү кеңештердин депутаттарын шайлоону өткөрүү боюнча кабыл алынган өзгөртүүлөргө ылайык, аймактык шайлоо комиссиялары жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын сунушу боюнча шайлоо округдарынын схемасын жана чек араларын иштеп чыгууда. Буга чейин аймактык шайлоо комиссиялары жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын катышуусу менен шайлоо округдарынын схемасын жана чек арасын иштеп чыгышчу.

Киргизилген өзгөртүүлөргө ылайык, ар бир участкадагы шайлоочулардын максималдуу саны 2500дөн 3000ге чейин көбөйтүлдү.

Шайлоочулардын өкүлчүлүгүнүн орточо нормасынан жол берилген четтөө менен шайлоочулардын саны боюнча шайлоо округдарынын болжолдуу бирдейлиги 10 пайыздан 15 пайызга чейин, ал эми жетүүгө кыйын жана алыскы жерлерде 15 пайыздан 20 пайызга чейин жогорулатылды.

Ошондой эле токтом долбоорунда  добуш берүү үчүн кошумча шайлоо участокторун түзүүнү жөнгө салуучу нормаларды күчүн жоготту деп табуу сунушталууда.

Кыргыз Республикасынын Борбордук шайлоо комиссиясынын аталган токтомунун долбоорун кабыл алуу социалдык, экономикалык, укуктук, укук коргоочулук, гендердик, экологиялык, коррупциялык кесепеттерге алып келбейт.

Сунушталган долбоор Кыргыз Республикасынын колдонуудагы мыйзамдарынын нормаларына каршы келбейт.

Токтом долбоору коомдук талкууну талап кылбайт, анткени “Кыргыз Республикасынын ченемдик укуктук актылары жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамына ылайык “Жергиликтүү кеңештердин депутаттарын шайлоо жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамына өзгөртүүлөрдү киргизүү тууралуу” Кыргыз Республикасынын Мыйзамы коомдук талкуулоо жол-жобосунан өткөн.